МААРАКЕ

# Улуттук валюта – мамлекеттин жүзү



**КМШ өлкөлөрүнүн арасынан Кыргызстан биринчилерден болуп өз валютасын кабыл алган. Бул кадам инфляцияны тизгиндөөгө жана өлкө экономикасын көзөмөлдөөгө шарт түзгөн көрөгөч чечим болгон. Учурда сом мурдагы советтик өлкөлөрдүн арасындагы эң туруктуу валюта катары саналат. Ал Улуттук банктын алтын коруна байланган. Атап айтканда, бул – 2 млрд. 200 млн АКШ доллары дегенди түшүндүрөт. Мындай көрүнүш сомду жада калса кризис маалында да тизгиндеп турууга жол берет. Мисалы, 2014-2015-жылдардагы кризисти Улуттук банк насыя-акча саясатынын жардамы менен ишенимдүү басып өтө алды. Кыргыз валютасынын өнүгүү тарыхы тууралуу Улуттук Банктын Нарын облустук башкармалыгында өткөн сомдун жүгүртүүгө берилишинин 30 жылдыгына арналган жыйынында айтылды.**

Башкармалыктын башкы адиси Айгүл Эсеналиеванын айтымында, улуттук валютабыз жана нумизматикалык баалуулуктардын баары тарыхый-маданий мурастарды камтыйт. Быйыл кыргыз сомунун 30 жылдыгына карата "Тарыхый окуялар" сериясында эки монета жүгүртүүгө чыгарылды. Булардын биринчиси - "Кыргыз сомуна – 30 жыл" деп аталат. Салмагы – 28 грамм. Номиналы – 10 сом. Сатуу баасы - 4150 сом. Өтө кооз, өзгөчөлөнгөн кутучага салынган. Алдыңкы бетинде кыргыз сомунун графикалык символикасы көрсөтүлгөн. Жандарында жүгүртүүдө жүргөн монеталардын сүрөттөрү камтылган. Андан сырткары, Улуттук банк өз тарыхында 500 грамм салмактагы монетасын чыгарды. Бул дагы "Тарыхый окуялар" сериясында, "Тай туяк" деп аталат. Алдыңкы бетине күмүш тай туяктын элеси түшүрүлгөн. Сатуу баасы – 93 300 сомго бааланган. Каалоочулар Улуттук банктын Нарын облустук башкармалыгынан сатып алышса болот. Ошондой эле, 1995-жылдан бери чыгарылып келген алтын, күмүш жана жез, никель монеталардын ичинен отуздан ашык түрү сатыкта бар. Эске салсак, Улуттук банк нумизматикалык баалуулуктарды өздүк наркы менен чыгарат, себеби, ал кирешени көздөбөйт.



2017-жылдагы 2000 сомдук номиналдуу эстелик купюрасын дагы белгилей кетсек, ал Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүккө ээ болушунун 25 жылдыгына, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 25 жылдыгына жана улуттук валютанын жүгүртүүгө чыгарылышынын 25 жылдыгына карата чыгарылган. Аталган банкнот кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн пайдубалынын түптөлүшүнүн: байыркыдан бүгүнкү күнгө чейинки калыптануу жолун чагылдырган жана заманбап коргоо элементтерин камтыган, өзгөчөлөнгөн дизайнга ээ. Ал эми жакындан тарта 1000, 500, 200 номиналындагы үч акча каражатынын дизайндары өзгөрүлүп, кайрадан жүгүртүүгө чыгарылды.

Жалпысынан алганда, бүгүнкү күндө кыргыз сому жети номиналдуу банкнот жана беш номиналдуу тыйындар менен сунушталат.

Банк кызматынын ардагерлери. Жумабек Рашитов менен Бейшегүл Омукеева салтанаттуу жыйындын жүрүшүндө 1993-жылдын 10-майында расмий төлөм каражаты катары жүгүртүүгө киргизилген улуттук валюта жөнүндө жылуу пикирлерди айтышты. Ал убакта өлкөнүн бардык аймагында кыргыз сому менен рублдин катар колдонулушуна 5 күн – 1993-жылдын 10-майынан 14-майына чейинки мезгил аралыгында гана уруксат берилген экен. Бирок, ал учурда жарандар жаңы валютага кооптонуу менен карап, көпчүлүгү рубль менен коштошууну каалашкан эмес. Ал эми кээ бир сынчылар "сом баш көтөрбөй жатып, кулап калышы мүмкүн" деген пикирде болушкан. Кыргыз сомунун келечегин элестете алышкан эмес.

"Ички рынокту эсептегенден кийин минималдуу сатып алуу 2 рубль экени аныкталган. Бул бир куту тамекинин наркы болгон. Жүгүртүүгө чыгарылган бардык банкноттор колдонууга жарашы керек деген ойду карманышкан. Алгачкы беш күн ичинде кыргызстандыктар он төрт млрд. рублди алмаштырышкан. Биринчи күндөрү базарларда жана дүкөндөрдө эки валюта бирдей жүгүртүлгөн. Бул күндөрү азык-түлүктүн наркы асман чапчып, баа 50 пайызга чейин өскөн. Баалардын мындан аркы өсүшүн сом жүгүртүүгө чыкканга чейинки баа менен азык-түлүктөрдү базарга киргизүү аркылуу токтотушкан. 1993-жылы доллардын сомго болгон курсу 10-майда бир доллар 4 сомду, 15-июлда 4 сом 60 тыйынды, 10-сентябрда 5 сом 90 тыйынды, 16-декабрда 8 сом 40 тыйынды түзгөн. Сом андан кийинки жылдары дагы туруктуу болгон. КМШ өлкөлөрүнүн валюталарынын арасынан кыргыз сомунун инфляциясы төмөн экендигин көрсөттү. Бул Улуттук банктын акча саясатынын мыкты экендигинен улам", деп эсептешет адистер. Алардын айтымында, алгачкы жылдары эл аралык каржы уюмдары дагы улуттук валютаны кабыл алууга жана анын туруктуу кармалышына өзүнүн чоң салымын кошушкан.



Улуттук банктын Нарын облустук башкармалыгынын жетекчисинин орун басары Урмат Дүйшөналиев билдиргендей, бүгүнкү күндө Нарын облусунун банк системасында 20 коммерциялык банк жана 20 коммерциялык банктын сактык кассалары, 42 микрофинансылык уюмдун филиалдары жана өкүлчүлүктөрү иш алып барат. Жылдан жылга калктын банкка болгон ишеничи артып жатканын банктардын жалпы кредиттик портфелинин 8 млрддан. ашып, депозиттик базасы 13 млрдга. чамалаганынан көрүүгө болот. Тактап айтканда, жылдан жылга 20дан отуз пайызга чейин өсүү орун алып келет. Улуттук банк натыйжалуу акча-кредит саясатын ишке ашыруу менен экономикадагы баалардын туруктуулугуна жетишүү максатын көздөйт.

**Г.ТУРДАЛИЕВА,**
**Сүрөттөрүн тарткан:**
**Мира АБДЫБАЛИЕВА.**

---

ДЕНИ САК КООМ

# Ийрисуулуктардын ийгилиги

Нарын районундагы Жерге-Тал айыл аймагынын Кара-Чий (Кызыл-Жылдыз) айылында грек-рим күрөшү боюнча уландар арасында облустук биринчилик болуп өттү. Бул күч сынашуу аталган айылдагы орто мектепти 1996-жылы бүтүргөндөрдүн бай-гелерине арналып уюштурулган. Мындай маалыматты райондук балдар-уландар спорт мектебинин деректиринин орун басары Каныбек Назаров билдирди.

Мелдешке облустун жер-жерлеринен болочокто чемпион болууга умтулган 133 балбандар мөөрөй талашышкан. Жыйынтыгында биринчи орундарды Нурсултан Жолдошбеков (25 кг салмак боюнча, Жумгал, Куйручук айылы), Эрбол Бейшеков (27 кг, Нарын, Ийри-Суу айылы), Даниэль Садыков (30 кг, Жумгал, Куйручук айылы), Нуржигит Асеков (33 кг, Нарын, Ийри-Суу айылы), Камбар Ырысбеков (36 кг, Нарын, Эмгекчил айылы), Нурэл Токтомамбетов (39 кг, Нарын, Орто-Нура айылы), Байэл Сыртбаев ( 42 кг, Нарын, Ийри-Суу айылы), Токтосун Бейшеков (46 кг, Нарын, Ийри-Суу айылы), Ынтымак Кудайбергенов (51 кг, Нарын, Ийри-Суу айылы), Шабдан Ысаев (55 кг, Ат-Башы айылы), Кутман Асеков (60 кг, Нарын, Орто-Нура айылы) жана Алишер Бактыгулов (65 кг, Нарын, Кара-Чий айылы) жеңип алышкан. Таймашты өткөрүүгө бүтүрүүчүлөр 85 миң жана машыктыруучу Алмаз Табышов 15 миң сом демөөрчүлүк кылышкан.

**К.УСУПТЕГИН.**

Теңир Тоо
Нарын облустук коомдук-саясий гезит

Дарек: 722600. Нарын шаары, Жамгырчы уулу Абас көчөсү №5. e-mail: **miratt78@mail.ru**

Башкы редактор:
Талант Дүйшеев: (0701) 711722
Жооптуу катчы: Гүлзада Турдалиева (0701) 171786
Дизайнер: Мира Абдыбалиева (0700) 009013
Кабарчылар: Бурулсун Дыйканбаева (0701) 171784
Кубанычбек Жумабаев (0701) 711762
Кадыркул Бугубаев (0707) 885241
Күмөндөр Усуптегин (0700) 435677
Айзада Кадыркулова (0500) 907686
Максат Абдракунов (0702) 773077

УЮШТУРУУЧУ:
Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Өз кабарчылар:
Ат-Башы: Т.Султанов (0700) 718584
Ж.Курманов (0702) 971167
Кочкор: К.Шарше кызы (0709) 369136
Жумгал: М.Асаналиев (0709) 159945
Ак-Талаа: Г.Мамытбекова (0555) 181175
Бухгалтер: А.Жумамидинова (0705) 050537

Жарнамалар жарнама берүүчүлөрдүн каалоосу боюнча кыргыз, орус тилдеринде жарыяланат. Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.

*Гезит бейшемби күнү чыгат.*

Заказ берүүчүнүн даяр оригинал - макети менен «ММК колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды, Бишкек ш. Анкара көч - 1 «б», тел.: (0312) 531644.
Буйрутма: №526
Тираж: 1435, Индекс 68429

Автордун жарыяланган макалалары жана каттары гезиттин көз карашын билдирбейт

Басууга 2023-жылдын 18-майында саат 15.00дө кол коюлду.

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинде катталган. Каттоо күбөлүгүнүн № 643

ЭСЕПТЕШҮҮ ЭСЕБИ:
Нарын облустук "Теңир Тоо" гезитинин редакциясы
Банк: Нарын казына бөлүмү (Нарынское ТУМФ). БИК: 440001 (440501 – рутокен менен которгондо).
Эсептешүү эсеби: 4405011102003765.
ИНН: 02301202310396.
Төлөө коду: 14239900.